КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ
ТАМГА АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН
ТАМГИНСКИЙ АЙИЛЬНЫЙ КЕНЕШ

---

Эл депутаттарынын Тамга айылдык Кеңешинин XXVIII
чакырылышынын XIII сессиясынын

«07» 06 2022-жыл. № 23 Тамга айылы

# Т О К Т О М У

**Тамга айылдык аймагынын Тосор айылындагы “Тосор-Муратчан” дыйкан чарбалар кооперативине бир катар кыймылсыз мүлктөрдү бөлүп берүү жөнүндө**

Тамга айылдык аймагынын Тосор айылындагы “Тосор-Муратчан” дыйкан чарбалар кооперативине бир катар кыймылсыз мүлктөрдү бөлүп берүү боюнча “Тосор-Муратчан” дыйкан чарбалар кооперативинин мүчөлөрүнүн жана Тосор айылынын жалпы элинин арызын канагаттандыруу максатында, Тамга айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Тамга айылдык аймагынын айыл өкмөтүнүн жер пайдалануу картасындагы “Жалпы элдин ортолугуна” деп аталып, 1994-жылдагы чарба тараганда бөлүнгөн кыймылсыз мүлктөр такталып, Тосор айылындагы “Тосор-Муратчан” дыйкан чарбалар кооперативинин карамагына бөлүнүп берилсин.

2. Тиешелүү кыймылсыз мүлктөрдү тактоо, иш кагаздарын бүткөрүү, мыйзамдуулугун тактоо жана каттоо жагы Тамга айыл өкмөтүнүн башчысы А.К.Дуйшембиевге милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин жер жана агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Тамга айылдык**
**кеңешинин төрагасы: А.А.Букаров.**